Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын
2018-жылдын II чейрегиндеги абалы тууралуу

# ОТЧЕТ

## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2018-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча ИДӨ көлөмү күндөлүк баада 2017-жылдын II чейрегинин тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 0,8 пайызга төмөндөө менен 115,4 млрд сомду түзгөн (2017-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча реалдуу өсүш 4,4 түзгөн). ИДӨнүн төмөндөшүнө негизги салымды иштетүү өндүрүшүнүн төмөндөшү, атап айтканда «Кумтөр» алтын кен казып алуу ишканасынын өндүрүш көлөмүнүн кыскарышы кошкон. Ал эми кызмат көрсөтүү жана курулуш секторлорунун алгылыктуу өсүш арымы кароого алынып жаткан мезгил ичинде экономиканы колдоо менен оздуктоочу таасирин тийгизген. «Кумтөр» алтын кен казып алуу ишканасын эске албаганда, ИДӨнүн өсүшү жогору түптөлүп, 1,4 пайызды түзгөн.

1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы




2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн сом)




3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы




2018-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы ИДӨ динамикасына дал келет: төлөмдөрдүн суммардык көлөмү өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 44,5 пайызга төмөндөө менен 745,0 млрд сомду түзгөн. Банктык операциялардын өсүш арымынын 50,0 пайызга кыскарышы төлөмдөр көлөмүнүн төмөндөшүнүн негизги факторунан болуп саналат.

Отчеттук мезгил ичинде банктык операциялардын кыйла кыскарышы банктар аралык төлөмдөр түзүмүндөгү аталган операциялардын үлүшүнүн азайышына жана андан улам бюджеттик жана бюджеттик эмес уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагынын өсүшүнө алып келген. Ошол эле учурда, төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө банктык операциялар – 82,1 пайызды түзүү менен негизги үлүштү ээлеп келет, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн үлүшү 12,5 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, активдер жана милдеттенмелери үчүн төлөмдөрү 5,4 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн түзүмүндө кириш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 53,7

пайызды, чыгыш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 38,7 пайызды, ал эми активдердин жана милдеттенмелердин операциялары боюнча төлөмдөрдүн салыштырма салмагы  – 7,6 пайызды түзгөн.

2018-жылдын 2-чейреги үчүн бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн көлөмү 2017-жылдын II чейрегинин тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 12,5 пайызга көбөйүү менен 93,2 млрд сомду түзгөн. Банктар аралык төлөм системасы аркылуу ишке ашырылган, мамлекеттик бюджеттен чыгыш төлөмдөрдүн көлөмү өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 13,5 пайызга көбөйгөн. Кириш бюджеттик төлөмдөр көлөмүнүн 16,0 пайызга өсүшү да байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлеринин динамикасы башкача калыптанган: мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешеси 1,6 пайызга, ал эми жалпы чыгашасы 5,6 пайызга төмөндөгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн жана мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлеринин динамикасындагы мындай айырмачылык банктар аралык төлөм системасында катышычуулардын олуттуу саны менен түшүндүрүлөт (мисалы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду). Ал эми мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлери боюнча маалыматтар Бирдиктүү казыналык эсеп аркылуу гана ишке ашырылган операцияларга негизденет.

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2018-жылдын II чейрегинде 99,1 пайызды түзгөн, бул көрсөткүч 2017-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 1,0 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын II чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 98,1 пайызды түзгөн).

**1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жүгүртүлүүсү**

| Региондордун аталышы | Келип түшкөн, млн сом | | Берилген, млн сом | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-жылдын II чейреги | 2018-жылдын II чейреги | 2017-жылдын II чейреги | 2018-жылдын II чейреги | 2017-жылдын II чейреги | 2018-жылдын II чейреги |
| **Бардыгы** | **347 839,7** | **410 088,6** | **354 669,6** | **413 943,9** | **98,1** | **99,1** |
| Бишкек шаары | 160 802,6 | 191 780,9 | 158 227,4 | 187 769,2 | 101,6 | 102,1 |
| Ош шаары | 45 357,3 | 54 458,2 | 47 717,8 | 55 422,8 | 95,1 | 98,3 |
| Чүй облусты | 34 012,7 | 40 793,9 | 33 934,8 | 40 754,9 | 100,2 | 100,1 |
| Ысык-Көл облусты | 18 807,6 | 21 189,0 | 20 032,3 | 22 433,4 | 93,9 | 94,5 |
| Талас облусты | 7 932,4 | 8 354,0 | 9 155,9 | 9 804,4 | 86,6 | 85,2 |
| Нарын облусты | 7 231,9 | 9 933,2 | 8 502,8 | 11 183,1 | 85,1 | 88,8 |
| Ош облусты | 20 306,0 | 21 726,3 | 20 184,8 | 21 632,7 | 100,6 | 100,4 |
| Джалал-Абад облусты | 37 053,1 | 43 024,5 | 40 627,3 | 46 130,8 | 91,2 | 93,3 |
| Баткен облусты | 16 336,1 | 18 828,6 | 16 286,5 | 18 812,6 | 100,3 | 100,1 |

2017-жылдын II чейрегине салыштырмалуу 2018-жылдын II чейрегинде республиканын бардык аймактары боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугунун өсүшү төмөнкү областтар боюнча катталган:

- Бишкек шаары боюнча – 0,5 пайызга;
- Ош шаары боюнча – 3,2 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 0,6 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 3,8 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча – 2,1 пайызга.

**4-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




2018-жылдын 2 чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча 102,1 пайызды жана Ош областында 100,4 пайызды

түзгөн. Чүй жана Баткен областтары боюнча нак акча кайтарымдуулугу 100,1 пайызды түзүп, Талас областы боюнча 85,2 пайыз деңгээлинде кыйла төмөн көрсөткүч катталган.

Коммерциялык банктардын кассаларына 2018-жылдын II чейрегинде келип түшкөн нак акчанын суммасы 410 088,5 млн сомду түзгөн, бул көрсөткүч 2017-жылдын ушул эле чейрегине салыштырмалуу 17,9 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча келип түшкөн нак акча суммалары төмөндө көрсөтүлгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, аманат кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 175 305,5 млн сом келип түшкөн, 2017-жылдын I чейрегине салыштырмалуу 21,3 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын I чейрегинде – 144 537,6 млн сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 20 177,6 млн сом келип түшкөн, 4,4 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын II чейрегинде – 19 321,6 млн сом);
- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 49 732,4 млн сом келип түшкөн,көбөйүү 25,7 пайызды түзгөн (2017-жылдын II чейрегинде – 39 568,2 млн сом);
- локалдык акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн – 30 005,3 млн сом келип түшкөн, 17,9 пайызга жогорулаган (2017-жылдын II чейрегинде – 25 450,5 млн сом);
- аткарылган иштерден жана кызмат көрсөтүүдөн – 32 635,2 млн сом келип түшкөн, 20,6 пайызга жогорулаган (2017-жылдын II чейрегинде – 27 069,0 млн сом);
- чет өлкө валютасын сатуудан – 29 886,9 млн сом келип түшкөн, 26,5 пайызга жогорулаган (2017-жылдын II чейрегинде – 23 619,3 млн сом).

**5-график. 2017-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**6-график. 2018-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2018-жылдын II чейрегинде 413 943,9 млн сомду түзгөн, бул көрсөткүч 2017-жылдын II чейрегине салыштырмалуу16,7 пайызга көбөйгөн.

2018-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, аманат кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 172 343,1 млн сом берилип, көбөйүү 20,1 пайызды түзгөн (2017-жылдын IIчейрегинде – 143 449,2 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөлөр – 19 563,5 млн сомду түзгөн, бул көрсөткүч 21,4 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын II чейрегинде – 16 113,7 млн сом);
- банкоматтарга акча жүктөө үчүн – 73 943,0 млн сом берилип, көбөйүү 23,6 пайызды түзгөн (2017-жылдын II чейрегинде – 59 826,3 млн сом);
- локалдык акча которууларды төлөөгө – 27 936,9 млн сом берилип, көбөйүү 17,2 пайызды түзгөн (2017-жылдын II чейрегинде – 23 846,4 млн сом);
- товарлар үчүн төлөөгө – 2 843,2 млн сом берилип, көбөйүү 6,8 пайызды түзгөн (2017-жылдын II чейрегинде – 2 662,4 млн сом);
- чет өлкө валютасын сатып алууга – 45 141,8 млн сом берилип, көбөйүү 14,9 пайызды түзгөн (2017-жылдын II чейрегинде – 39 303,5 млн сом).

- эмгек акыларды төлөөгө – 1 012,3 млн сом берилип, төмөндөө 14,9 пайызды түзгөн (2017-жылдын II чейрегинде 1 189,8 млн сом берилген).

**7-график. 2017-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**8-график. 2018-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

### 3.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы

2018-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү **51 138,3 млн сомду** түзгөн, бул:

- өткөн чейрекке салыштырганда 21,8 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 12,6 пайызга көбөйгөн.

2018-жылдын II чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны **2 366 594** төлөмдү түзгөн, бул:

- өткөн чейрекке салыштырганда 12,8 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 16,7 пайызга көбөйгөн.

**9-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**




### 3.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары – эсептешүүлөрдүн гросстук системасы )

2018-жылдын II чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **696 848,4 млн сомду** түзгөн жана өткөн чейрекке салыштырганда автоматташтырылган тоорук системасы боюнча банктык бүтүмдөрүнүн төмөндөшүнөн улам 20,1 пайызга азайган, ошондой эле өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 46,4 пайызга азайган.

Бардыгы болуп, эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2018-жылдын IIчейреги ичинде **104 637 төлөм** өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч - өткөн чейрекке салыштырганда 6,8 пайызга жана өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 17,5 пайызга көбөйгөн .

**10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**



**2-таблица. Клиринг жана гросс төлөмдөрүнүн саны жана көлөмү**

| Мөөнөтү | Клиринг | | Гросс | | Бардыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2017-ж. II ч. | 2 028 263 | 45408,6 | 89 032 | 1 300 087,9 | 2 117 295 | 1 345 496,5 |
| 2017-ж. III ч. | 2 344 171 | 49051,0 | 95 993 | 1 002 959,8 | 2 440 164 | 1 052 010,8 |
| 2017-ж. IV ч. | 2 050 321 | 55806,2 | 113 934 | 824 982,8 | 2 164 255 | 880 789,0 |
| 2018-ж. I ч. | 2 097 179 | 41 969,6 | 97 978 | 872 138,9 | 2 195 157 | 914 108,5 |
| 2018-ж. II ч. | 2 366 594 | 51 138,3 | 104 637 | 696 848,4 | 2 471 231 | 747 986,7 |

### 3.3. Банктык төлөм карттар рыногу[1]

2018-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү иш алып барып жаткан бардык коммерциялык банктар сунуштаган, анын ичинен 16 банк эл аралык төлөм системасынын жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 25 банк карттардын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

*1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы*

2018-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны **2 260,7** миң картты түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 5,5 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда карттардын саны 25,7 пайызга өскөн.

Төлөм карттарынын бөлүштүрүлүшү түрлөрү боюнча төмөнкүдөй калыптанган:

**- Эл аралык системалар 1 172 294 (51,9 %):**
- «Visa» 613 831 (27,2 %);
- «Master Card» 16 216 (0,7 %);
- «Золотая корона» (Россия) 531 607 (23,5 %);
- «Union Pay International» 10 640 (0,5 %).

**- «Элкарт» улуттук системасы 1 088 385 (48,1 %):**
- «Элкарт» 1 073 681 (47,5 %);
- «Элкарт-UPI» 14 694 (0,6 %).

**3-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм карттарынын рыногунун өнүгүү көрсөткүчү**

| Көрсөткүчтөр | 2017-ж. II чейреги | 2018-ж. I чейреги | 2018-ж. II чейреги | 2018-жылдын II чейреги үчүн өсүш арым % | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2017-ж. II ч. | 2018-ж. I ч. |
| Чыгарылган төлөм карттарынын саны (миң бирдик) | 1 798,2 | 2 143,8 | 2 260,7 | 25,7 | 5,5 |
| Миң киши башына чыгарылган төлөм карттарынын саны (эмгекке жарамдуу жана пенсиялык курак) | 442,0 | 518,0 | 546,0 | 23,5 | 5,4 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны (млн тран.) | 7,3 | 8,0 | 9,3 | 27,4 | 16,3 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү (млн сом) | 35 413,0 | 41 058,5 | 48 776,6 | 37,7 | 18,8 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган нак эмес операциялардын көлөмүнүн ИДӨгө карата катышы (%) | 7,2 | 8,3 | 9,9 | 37,7 | 18,8 |

**11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**12-график. 2018-ж. 1-июлуна карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




## 4-таблица. Областтар жана системалар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын саны

| Региондун аталышы | Visa | MasterCard | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Бардыгы (миң д.) | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 435 918 | 11 137 | 147 083 | 306 084 | 7 132 | 6 698 | 914 052 | 40,4 |
| Чүй областы | 24 734 | 1 365 | 58 047 | 107 803 | 1 442 | 429 | 193 820 | 8,6 |
| Ысык-Көл областы | 26 480 | 807 | 45 403 | 90 282 | 444 | 2 056 | 165 472 | 7,3 |
| Нарын областы | 8 304 | 283 | 34 596 | 70 737 | 0 | 99 | 114 019 | 5,0 |
| Талас областы | 12 747 | 71 | 18 221 | 42 847 | 579 | 1 130 | 75 595 | 3,3 |
| Джалал-Абад областы | 33 381 | 1 107 | 98 752 | 170 565 | 496 | 1 180 | 305 481 | 13,5 |
| Ош областы | 59 238 | 1 141 | 95 450 | 205 775 | 425 | 1 873 | 363 902 | 16,1 |
| Баткен областы | 13 029 | 305 | 34 055 | 79 588 | 122 | 1 229 | 128 328 | 5,7 |
| **Бардыгы** | **613 831** | **16 216** | **531 607** | **1 073 681** | **10 640** | **14 694** | **2 260 669** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/аманат кассаларынын, финансы ресурстарынын ж.б. концентрацияланышы жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн, мындан улам төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу бул жерде кыйла өнүккөн. 2018-жылдын II чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн үлүшү 56,43 пайызды ээлеген. Көлөмү боюнча төмөнкү көрсөткүчкө 2,65 пайызы менен Талас областы ээ болгон.

2018-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча картты колдонуу аркылуу эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардын эсебинде депозиттик база калдыгынын көлөмү 22,4 млрд сомду түзгөн. Мында, өткөн чейректегиге салыштырмалуу 2,99 пайызга көбөйүү байкалган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 7,70 пайызды түзгөн, бул банк кардарларынын санынын жана аларга ишенип берилген акча каражаттар көлөмүнүн акырындык менен көбөйүүсүн тастыктайт.

**13-график. 2018-ж. II чейреги үчүн областар боюнча картты колдонуу аркылуу операциялардын көлөмү жана саны (миң сом)**




**14-график. Коммерциялык банктардын карт-эсептериндеги депозиттик базанын калдктарынын динамикасы (млрд сом)**



***2) Банктык төлөм карттар эквайринги***

2018-жылдын II чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бардык аймактарында орнотулган 1 503 банкоматта жана 9 082 POS-терминалда тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 12,5 пайызды же 167 банкоматты, ал эми терминалдардын – 16,4 пайызды же 1 276 POS-терминалды түзгөн). Анын ичинен иштеп жаткан терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча бөлүштүргөндө төмөнкүдөй катталган:

- Visa жана MasterCard эл аралык системалары боюнча 561 банкомат жана 4 333 POS-терминал;

- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча 417 банкомат жана 2 085 терминал.

**15-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны**




**16-график. Системалар боюнча терминалдардын саны**




**5-таблица. Областтар боюнча аралыкта орнотулган жабдуулардын саны**

| Региондун аталышы | Банкоматтар | Pos-терминалдар | | Төлөм терминалдар |
|---|---|---|---|---|
| | | соода ишканаларында | банктарда | |
| Бишкек ш. | 658 | 5 516 | 541 | 499 |
| Чүй областы | 126 | 604 | 164 | 144 |
| Ысык-Көл областы | 147 | 377 | 184 | 170 |
| Нарын областы | 53 | 54 | 100 | 57 |
| Талас областы | 48 | 52 | 64 | 65 |
| Джалал-Абат областы | 181 | 256 | 256 | 195 |
| Ош областы | 224 | 414 | 359 | 261 |
| Баткен областы | 66 | 27 | 114 | 84 |
| **Бардыгы** | **1 503** | **7 300** | **1 782** | **1 475** |

3) ***Банктык төлөм карттарды колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы***

2018-жылдын II чейрегинде картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү **48 776,6 млн сомду** түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 18,8 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү 37,7 пайызды түзгөн.

Бардык ишке ашырылган операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга - 46 237,9 млн сом туура келген, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнө карата 94,8 пайызды түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 19,8 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү 37,2 пайызды түзгөн. Соода-тейлөө ишканаларындагы POS-терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 2 538,7 млн сомду түзгөн (бул ишке ашырылган бардык операциялардын 5,2 пайызын ээлейт). Ишке

ашырылган операциялардын көлөмү өткөн чейрекке салыштырмалуу 3,3 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 49,2, пайызга көбөйгөн эле.

2018-жылдын II чейрегинде картты колдонуу менен **9,3 млн транзакция** ишке ашырылган. Операциялардын саны өткөн чейрекке салыштырганда 16,3 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны боюнча көрсөткүч 27,4 пайызга өскөн.

Бардык ишке ашырылган операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга туура келген – 7 486,2 миң транзакция, бул бардык операциялардын жалпы санына карата 84,2 пайызды түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 16,3 пайызга, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 20,7 пайызга көбөйгөн.

Соода тейлөө ишканаларында орнотулган терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны 1 474,8 миң транзакцияны бул ишке ашырылган бардык операциялардан 16,3 пайызын) түзгөн (. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 12,5 пайызга көбөйгөн болсо, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 69,8 пайызды түзгөн.

**6-таблица. Карт боюнча соода-тейлөө ишканаларында нак акчага айландыруу жана төлөө боюнча операциялардын саны жана көлөмү**

| Төлөм карттын түрү | 2018-ж. I чейреги | | | | 2018-ж. II чейреги | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Нак акча алуу | | Соода-тейлөө ишканасында төлөө | | Нак акча алуу | | Соода-тейлөө ишканасында төлөө | |
| | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) |
| AMEX | 725 | 3 625,2 | 672 | 12167,8 | 742 | 3 708,7 | 637 | 15 531,0 |
| Элкарт | 3 095 414 | 13 753 046,2 | 286 570 | 472618,9 | 4 026 158 | 18 855 942,4 | 344 300 | 363 872,2 |
| Visa | 1 837 999 | 16 551 599,4 | 903 316 | 1795394,2 | 2 101 946 | 19 351 855,5 | 1 002 312 | 1 952 769,7 |
| Элкарт-UPI | 38 351 | 169 062,3 | 3 759 | 5164,0 | 43 443 | 198 596,7 | 4 828 | 5 883,4 |
| UPI | 38 761 | 323 929,9 | 1 582 | 2479,2 | 35 452 | 278 518,3 | 1 424 | 2 141,5 |
| MasterCard | 126 280 | 1 077 536,8 | 44 186 | 136674,3 | 136 640 | 1 195 332,0 | 62 498 | 168 355,9 |
| Золотая Корона | 1 606 518 | 6 721 563,8 | 70 127 | 33668,8 | 1 501 797 | 6 353 929,0 | 58 775 | 30 168,2 |
| **Бардыгы** | **6 744 048** | **38 600 363,5** | **1 310 212** | **2 458 167,2** | **7 846 178** | **46 237 882,6** | **1 474 774** | **2 538 722,0** |

**7-таблица. Карт ээлеринин жигердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү тууралуу маалымат**

| Операциянын түрү | Жүгүртүүдө бир карт боюнча операциялардын орточо | | | | | Жүгүртүүдө бир карт боюнча операциялардын орточо саны | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-ж. 2-ч. | 2017-ж. 3-ч. | 2017-ж. 4-ч. | 2018-ж. 1-ч. | 2018-ж. 2-ч. | 2017-ж. 2-ч. | 2017-ж. 3-ч. | 2017-ж. 4-ч. | 2018-ж. 1-ч. | 2018-ж. 2-ч. |
| Нак акчага айландыруу | 19,1 миң сом | 20,2 миң сом | 23,1 миң сом | 18,0 миң сом | 20,4 миң сом | 3,7 | 3,6 | 3,7 | 3,1 | 3,5 |
| Соода-тейлөө ишканасы аркылуу | 960,0 сом | 1 073,3 сом | 1 216,5 сом | 1 146,6 сом | 1 123,0 сом | 0,5 | 0,5 | 0,7 | 0,6 | 0,7 |

## 3.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр[1]

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү SWIFT, «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. ушул сыяктуу системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында, банктар чек ара аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын көбүрөөк пайдаланышкан.

2018-жылдын II чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 13 түрү боюнча жүзөгө ашырылган. Ушул эле жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча кириш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 486,25 млрд сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда 18,05 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү 65,83 пайызды түзгөн). Ал эми чыгыш төлөмдөрүнүн жалпы көлөмү 520,47 млрд сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда 16,01 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү 59,40 пайызды түзгөн).

## 3.5. Акча которуулар[1]

2018-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча которуулар эл аралык жана локалдык системалары аркылуу жүзөгө ашырылган. Акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кириш которуулардын жалпы саны 51,74 млрд сом жалпы суммасында 2 169 693 түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 21,49 жана 41,15 пайызды түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 16,32 жана 12,53 пайызды түзгөн), ал эми чыгыш которуулардын саны 11,91 млрд сом жалпы суммасында 186 295 түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 16,59 жана 20,05 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 17,72 жана 13,67 пайызды түзгөн).

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кириш жана чыгыш которуулардын көлөмдөрү боюнча эң чоң салыштырма салмак Бишкек шаарына - кириш которуулардын жалпы көлөмүнөн 52,87 пайызы жана чыгыш которуулардын жалпы көлөмүнөн 61,29 пайызы туура келген.

**17-график. 2018-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча кириш акча которуулардын үлүшү (%)**




**18-график. 2018-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча чыгыш акча которуулардын үлүшү (%)**




Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

***1) АКШ долларында акча которуулар***

2018-жылдын II чейрегинде кириш которуулардын жалпы саны 180,72 млн АКШ доллар суммасында 258 039 түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 21,16 жана 33,99 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 19,67 жана 7,86 пайызга көбөйүү байкалган). Чыгыш которуулардын саны 96,72 млн АКШ доллар суммасында 83 104 түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 26,38 жана 24,11 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 25,14 жана 15,37 пайызды түзгөн).

***2) Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 3,79 млн евро жалпы суммасында 9 433 кириш которуу жүргүзүлгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 10,66 жана 10,17 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 15,63 жана 10,35 пайызды түзгөн). Чыгыш которуулардын саны 4,70 млн евро жалпы суммасында 2 384 түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 34,39 жана 65,18 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 19,68 жана 5,53 пайызды түзгөн).

***3) Орус рублинде акча которуулар***

2018-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча 35 420,08 млн рубль суммасында 1 848 737 кириш которуулар жүргүзүлгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 21,08 жана 58,13 пайызга көбөйгөн (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 18,79 жана 24,41 пайызга

[1] Булагы: коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык отчету

көбөйүү байкалган). Мындан тышкары, 4 495,40 млн рубль суммасында 96 849 чыгыш которуулар ишке ашырылган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 9,35 жана 25,35 пайызга көбөйгөн (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 13,85 жана 21,87 пайызды түзгөн).

***4) Казак теңгесинде акча которуулар***

Отчеттук мезгил ичинде 112,67 млн теңге суммасында 1 810 кириш которуулар ишке ашырылган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 3,02 жана 15,73 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 20,82 жана 4,85 пайызга азайган). Чыгыш которуулар 61,80 млн теңге суммасында 616 төлөмдү түзгөн, бул өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 4,20 жана 19,74 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, азаюу тиешелүүлүгүнө жараша 30,63 жана 47,39 пайызды түзгөн).

***5) Кыргыз сомунда акча которуулар***

2018-жылдын II чейреги ичинде 863,05 млн сом суммасында 51 674 кириш которуулар ишке ашырылган, өткөн чейрекке салыштырганда которуулардын саны 44,41 пайызга, ал эми которуулардын көлөмү 2 эсе көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, азаюу тиешелүүлүгүнө жараша 37,60 жана 33,55 пайызды түзгөн). Чыгыш которуулардын саны 75,67 млн сом суммасында 3 342 түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 10,04 жана 1,46 пайызга көбөйгөн (бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 14,22 жана 10,59 пайызга азайган).

**8-таблица. Акча которуу системалары аркылуу акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2017-ж. II чейреги | | 2018-ж. I чейреги | | 2018-ж. II чейреги | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны, даана** | **Көлөмү, млн сом** | **Саны, даана** | **Көлөмү, млн сом** | **Саны, даана** | **Көлөмү, млн сом** |
| Western Union | Кириш | 83 890 | 2 105 656,58 | 92 460 | 2 216 348,72 | 99 869 | 2 559 780,39 |
| | Чыгыш | 7 547 | 415 657,37 | 7 854 | 444 610,66 | 9 472 | 577 406,25 |
| Contact | Кириш | 53 046 | 1 318 427,22 | 91 948 | 1 791 239,89 | 195 295 | 3 768 374,49 |
| | Чыгыш | 2 348 | 90 028,66 | 5 108 | 180 451,40 | 6 877 | 210 043,77 |
| Money Gram | Кириш | 22 549 | 774 117,15 | 19 217 | 698 265,29 | 19 996 | 802 492,79 |
| | Чыгыш | 1 854 | 131 011,94 | 1 694 | 113 314,36 | 1 621 | 89 755,61 |
| Лидер | Кириш | 40 487 | 459 653,08 | 22 112 | 336 002,12 | 1 854 | 34 148,88 |
| | Чыгыш | 330 | 8 249,25 | 466 | 10 905,98 | 24 | 2 498,53 |
| Xpress money | Кириш | 171 | 10 504,79 | 48 | 2 812,06 | 52 | 5 443,05 |
| Юнистрим | Кириш | 299 137 | 8 591 046,51 | 211 167 | 6 232 265,91 | 225 560 | 6 944 234,03 |
| | Чыгыш | 7 534 | 1 136 202,85 | 5 356 | 795 411,48 | 5 015 | 682 345,57 |
| БЛИЗКО | Кириш | 773 | 23 284,88 | 447 | 9 500,77 | 624 | 11 829,15 |
| | Чыгыш | 1 | 97,12 | 3 | 89,77 | 12 | 90,48 |
| FASTER | Кириш | 2 862 | 45 408,21 | 1 969 | 30 971,21 | 1 972 | 27 744,48 |
| | Чыгыш | 892 | 24 762,32 | 647 | 16 495,15 | 622 | 12 667,27 |
| Золотая Корона | Кириш | 1 358 969 | 32 463 741,26 | 1 343 879 | 25 207 487,69 | 1 620 615 | 37 420 479,01 |
| | Чыгыш | 135 974 | 7 850 008,74 | 137 905 | 8 336 243,17 | 161 847 | 10 318 835,88 |
| БЭСТ | Кириш | 505 | 8 382,41 | 203 | 6 009,54 | 120 | 3 069,20 |
| | Чыгыш | 0 | 0,00 | 0 | 0,00 | 0 | 0,00 |
| RIA | Кириш | 0 | 0,00 | 868 | 27 849,65 | 1 496 | 53 007,96 |
| | Чыгыш | 0 | 0,00 | 20 | 688,32 | 13 | 758,42 |
| Башка системалар | Кириш | 1 100 | 53 968,42 | 1 584 | 97 996,69 | 2 240 | 111 445,72 |
| | Чыгыш | 587 | 11 885,59 | 727 | 25 946,67 | 792 | 20 039,86 |
| **Бардыгы** | **Кириш** | **1 863 489** | **45 854 190,51** | **1 785 902** | **36 656 749,54** | **2 169 693** | **51 742 049,16** |
| | **Чыгыш** | **157 067** | **9 667 903,83** | **159 780** | **9 924 156,96** | **186 295** | **11 914 441,64** |

## 3.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2018-жылдын 27-июлуна карата абал боюнча 22 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ, анын ичинен 21 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 20 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна

каралган. 2018-жылдын 20-апрелинде «Барс Мани» ЖЧКсы төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна (эки) лицензия алган.

2018-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 6,9 млрд. сом жалпы суммасына 43,4 млн транзакция ишке ашырылган.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 3,3 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 47,59 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 38,8 млн. төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынан 89,41 пайыз).

Кызмат көрсөтүүлөрдүн/товарлардын мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга, салыктык жыйымдарга, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 815,3 млн. сомду түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 11,89 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 1,7 млн түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 3,9 пайызы).

**9-таблица. Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| № | Төлөм түрү | Саны, бир. | Үлүшү,% | Көлөмү, миң сом | Үлүшү,% |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланыш | 38 815 386 | 89,41 | 3 264 237,21 | 47,59 |
| 2 | Катталган телефон байланышы | 71 605 | 0,16 | 14 728,88 | 0,21 |
| 3 | Интернет | 320 226 | 0,74 | 252 533,40 | 3,68 |
| 4 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 461 303 | 3,37 | 703 465,76 | 10,26 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 45 072 | 0,10 | 37 616,24 | 0,55 |
| 6 | Айыптык төлөмдөр (ДПС) | 36 641 | 0,08 | 17 117,20 | 0,25 |
| 7 | Мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр | 147 953 | 0,34 | 57 104,63 | 0,83 |
| 8 | Банктык эсепти толуктоо | 77 632 | 0,18 | 264 984,77 | 3,86 |
| 9 | Финансы-кредит мекемесинин кредити үчүн төлөө | 84 473 | 0,19 | 358 870,40 | 5,23 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 5 133 | 0,01 | 9 859,81 | 0,14 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 915 584 | 2,11 | 1 145 290,01 | 16,70 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 15 028 | 0,03 | 18 168,22 | 0,26 |
| 13 | Социалдык тармактар | 19 970 | 0,05 | 5 810,76 | 0,08 |
| 14 | Интернет оюндары | 90 932 | 0,21 | 34 625,83 | 0,50 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелеринде эсепти толуктоо | 223 334 | 0,51 | 229 097,18 | 3,34 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 823 066 | 1,90 | 59 590,14 | 0,87 |
| 17 | Букмекердик чендер | 0 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| 18 | Жарнак кызматтары | 46 | 0,00 | 39,62 | 0,00 |
| 19 | Жарыялар | 14 546 | 0,03 | 5 177,29 | 0,08 |
| 20 | Кайрымдуулук | 4 403 | 0,01 | 1 011,94 | 0,01 |
| 21 | Билим | 13 172 | 0,03 | 89 784,29 | 1,31 |
| 22 | Туристтик кыдыруулар | 44 | 0,00 | 201,81 | 0,00 |
| 23 | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу «Тышкы соода чөйрөсүндө «Бирдиктүү терезе» борбору» мамлекеттик ишканасы | 0 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| 24 | Башка төлөмдөр | 226 035 | 0,52 | 289 955,64 | 4,23 |
| | **2018-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы** | **43 411 584** | **100,00** | **6 859 271,02** | **100,00** |







Төлөм уюмдарынын иши өзүн-өзү тейлөөнүн автоматташтырылган терминалы (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген. 2018-жылдын 2-чейрегинин акырына карата төлөм уюмдардын өзүн-өзү тейлөөнүн автоматташтырылган терминалдардын саны 4 765, POS-терминалдарынын саны – 246, төлөм системасынын катышуучуларынын (агенттердин, субагенттердин) саны – 26 788 түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 3.7. Банктык чекене агенттер

2018-жылдын I чейрегинин акырына карата банктык чекене агенттердин саны төмөнкүчө калыптанган:

- кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган 25 агент;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган 215 агент;

Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнө төмөнкүлөр кирет:

- маалымат технологияларында жана электрондук каражаттарда жана төлөмдөрдү өткөрүү ыкмаларында негизденген төлөм системалары аркылуу үчүнчү жактын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн эсептешүүлөр;

- акча которуу системасы аркылуу акча которууларды жүзөгө ашыруу;

- бланктарды берүү-кабыл алуу жана аларды овердрафт кредиттерин тариздөө үчүн банкка берүү;

- кредиттердин ордун жабуу;

- банктык эсепти толуктоо;

- электрондук акчаны жайылтуу/ордун жабуу.

Мында, банктык чекене кызмат көрсөтүү агенттерине айкын убакыт ыргагында жүргүзүлгөн мамлекеттик (улуттук) лотереяларды эске албаганда, төмөнкүлөрдү ишке ашырууга тыюу салынат: лотереялык чендерди кабыл алууга; лотереялык билеттер үчүн төлөмдөрдү, квитанцияларды жана лотереяга катышуу укугун тастыктаган башка документтерди кабыл алууга.